Арзуу ыры

Сөзү: Темиров Адыдин Салайдинович

обону: Темиров Адыдин Салайдинович

аткаруучу: Бадыева Бактыгул Токтосуновна

Күздө күтүп, жазда келген сезимди,
Күйүт бизге үмүт болуп сезилди.
Бул турмушта ансыз деле өксүгөн,
Жалоорутпа жайнактаган көзүмдү.

Айта албастан айтар сөздү белендеп,
Айттырыпсың айылга бир келем деп.
Мексиз кантип жүрдүң экен алыста?
Кусалыгым күчөп барат тереңдеп.

Кайырма:
Биздин өмүр нурданып,
Ырлар менен улансын.
Ак сүйүүлөр түбөлүк,
Өчпөс болуп ырдалсын.

Кездешкенче нур чачышып жүздөрдөн,
Күз да келди, күз саргайды биз көргөн.
Сен сырыңды, мен чынымды айткыча,
Өмүр өтүп баратпайбы бир келген.

А мен сени күтөр элем миң жылга,
Бирок жашоо ченелүү да бир кыйла.
Биздин өмүр өтпөсө да бир үйдө,
Биздин сүйүү калар, балким, бир ырда.

Кайырма: